**Бишкек шаарындагы №42 жалпы орто билим берүүчү мектептин мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча аткарылган иш пландарынын 1-жарым жылдык жыйынтык отчёту.**

Бишкек шаарындагы №42 жалпы орто билим берүүчү мектепте мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жалпы 14 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 1мугалим «эл агартуунун отличниги», 2 мугалим «жогорку» даражадагы, 4 мугалим «биринчи» даражадагы, 3 мугалим «экинчи» даражадагы, 4 мугалимдин азырынча даражасы жок. Мугалимдердин иш-тажрыйбаларына, окуу процессинин жүрүшүнө атайын көзөмөлдөр жүргүзүлүп турат.

Кыргыз тили усулдук бирикмеси төмөнкү маселе менен иш алып барат: «Сабакта окутуунун стандарттуу эмес ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын кыргыз тили жана адабияты сабактарына кызыктыруу, суйлөө маданиятын өстүрүү, сабаттуулугун, билимин, ой жугүртүүсүн, дүйнө таануусун өнүктүрүү».

2018- жылдын сентябрь айынан баштап төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:
1. 10-сентябрдан 15-сентябрга чейин 3-класстан 11-класска чейин орус кыргыз класстарында окуучулардын билим сапатын текшерүү максатында текшерүү иши алынды.
2. Ч Айтматовдун 90 жылдыгына карата « Адабият кабинети» 21-сентябрда мамлекеттик тил күнүнө карата ачылды. Кабинетте мамлекеттик тил күнүнө даярдалган ар кандай ыкмадагы ачык сабактар өтүлдү.




Абдразакова Н.А. 4-класстын окуучулары менен…



Ниязалиева Э.Ш. 6-класстын окуучулары менен.

3.Мамлекеттик тил күнүнө жана Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата
22-сентябрда флешмоб тартылып районго жөнөтүлдү.



4.25-сентябрдан 1-октябрга чейин 5-класстарда улантмалуулук боюнча кыргыз тили сабагынан төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

1.Сабактарга катышуу.
2.Текшерүү иш алуу.
3.Дептер текшерүү.
4.Окуу ылдамдыгын текшерүү.
5.Тест алуу.

5.Октябрь ичинде «Тил жана Айтматов» үч айлыгындагы төмөнкү кароо-сынактарга даярдыктар көрүлдү:

1. «Кыргыз ыры –жүрөк сыры жана көркөм окуу» кароо-сынагы.
2. «Жаш артист» кароо-сынагы.
3. «Айтматовдун чыгармаларын изилдөө долбоору» кароо-сынагы.
4. «Айтматов кабинети» кароо-сынагы.

6.19-ноябрдан 29-ноябрга чейин «Кыргыз тили» усулдук бирикмесинин жумалыгы жарыяланды. **Жумалыктын максаты**: мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, окуучулардын таанып-билүүсүн, кыргыз тили сабагы аркылуу кыргыз элинин каада-салтын, үрп-адатын кененирээк чагылдыруу, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу.

Жумалыкта мугалимдер ачык сабактарды, тарбиялык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди даярдап өткөрүштү. Сабактар жаңы тех каражаттар менен кызыктуу,жогорку деңгээлде өтүлдү.




**Жантаева Ж. 3-класстын окуучулары менен.**



**Ниязалиева Э 6-класс**



Тагаева Ж. 5-класстын окуучулары.




Абдымомунова М. 9-класстын окуучулары



Сабактар талкууланып, сунуштар айтылды.

7.25-ноябрда мектеп ичинде кыргыз тили жана адабияты боюнча олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадага 4-класстан 11-класска чейи 89 окуучу катышты. Өзгөчөлөнгөн окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланды.

8. 4-декабрь. «Манаска жанашкан Чынгыз-ал асмандагы жылдыз». Манас менен Чыңгызды айкалыштыра караган адабият дүйнөсүндө 4-декабрь «Манас» күнү деп аталып, Бишкек шаарындагы №4 мектеп гимназиясында «Тил жана Айтматов» үч айлыгы менен катар окуучулардын арасында манас сүйүүчүлөрдүн таймашы өттү.



Жаш манасчылар.

№42 мектептин атынан өзүн жоготуп, эргип айткан 9-класстын окуучусу Бегалиев Алиаскар Семетейдин таласка келген жерин айтып ыраазычылык грамотасын алды.



Манасчыларга сыйлык тапшыруу учуру.

9.12-декабрь Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата ачык сабактар, класстык сааттар жана кыскача концерттик программа уюштурулду.





10. 17-18-ноябрда кыргыз тили сабагы боюнча райондук олимпиадага 10-11-класстын окуучулары катышып келишти. 11.25-31-декабрда окуучулардын чейректик жазуу иштери, тесттик тапшырмалар алынып, мугалимдердин иш-жыйынтыгынын негизинде мониторингдер алынды.

Мам.тил боюнча директордун орун басары: Ж.Т.Өмүралиева